Бизге Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары айтышкан. Алар Аллахтын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он аят үйрөнүшчү жана аларда кандай илим жана амал бар экенин билмейинче, калган он аяттан алышчу эмес. «Биз ушинтип аяттардагы илимди жана амалдарды да үйрөнөт элек» - деп айтышат эле.*@

Абу Абдур-Рахман ас-Сулами (ага Аллах ырайым кылсын) мындай деп айтты: Бизге Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары айтышкан. Алар Аллахтын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он аят үйрөнүшчү жана аларда кандай илим жана амал бар экенин билмейинче, калган он аяттан алышчу эмес. «Биз ушинтип аяттардагы илимди жана амалдарды да үйрөнөт элек» - деп айтышат эле.
[Хасан (жакшы)] [Ахмад жазып калтырган]

Сахабалар, Аллах алардан ыраазы болсун, Аллахтын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Курандан он аят алышчу жана алар аяттардан илимди алып ага амал кылмайынча, башка аяттарга өтүшчү эмес. Ошентип алар илим менен амалды бирге үйрөнүшкөн.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65058